**1.6.Бешик берүүнүн тартиби:**

1.6.1. Жакын туугандары тарабынан балага бешик берүү үлпөтүндө балага гана арналып сарпай берүү;

1.6.2. Ата-энесине сарпай берүүнү токтотуу;

1.6.3. Адамдын санын бештен ашырбоо;

1.6.4. Мал жандыктарды сойбоо.

**1.7. Балага акыйка берүү:**

1.7.1. Балага арнап акыйка берүүдө мүмкүнчүлүккө жараша мал союуну экиден ашырбоо (акыйка берүү салтанатында бешикти кошо берсе болот);

1.7.2. Эли журтту чакыруу өз мүмкүнчүлүгүнө жараша жүргүзүлөт.

**1.8. Жентек той:**

1.8.1. Райондун аймагында жентек тойду өткөрүүгө тыюу салуу.

**1.9. Ата-энесине аш берүү:**

1.9.1. 1 бодо мал, 1 кичине мал жандыктарын союуга болот, ашыкча союуга жана чыгымга жол берилбейт;

1.9.2. Конок берүүгө тыюу салуу;

1.9.3. Себет алып баруу, кайра алып кетүүнү токтотуу;

1.9.4. Мал жандыктарын жана акча каражатын берүүгө тыюу салуу;

1.9.5. Нан алууга тыюу салуу (эли журттун аксакалдары үчүн нан алууга жол берилет).

**1.10. Орозо айт жана курбан айт майрамдарын белгилъъ:**

1.10.1. Орозо айт жана курбан айт намаздарын жер жерлердеги мечиттерде көпчүлүк элдин катышуусунда окуу жана өткөрүү;

1.10.2. Жер жерлерде орозо айт жана курбан айт күндөрүн майрамдык маанайда өткөрүү;

1.10.3. Орозо жана курбан айт күндөрү маркум өткөн жерлерге барууга, үймө үй кыдырууга тыюу салуу;

1.10.4. Ашыкча ыксыз чыгашаларды колдонууга жол бербөө;

1.10.5. Себет, нан берүүнү токтотуу;

1.10.6. Арапа күнү маркум өткөн жерге бир гана жакын туугандары келсе болот (аз сандагы адамдардын катышуусунда);

1.10.7. Маркумга арнап арапа күнү жакын туугандары тарабынан 1 мал союуга (кой же эчки) болот, ашыкча союуга жол берилбейт;

1.10.8. Курбан айт күнү мүмкүнчүлүккө жараша курбандык катары мал жандыктарын союуга жол берилет.

**1.11. Ар кандай маанидеги жарандарга арналган юбилейлик иш-чараларды өткөрүнүн тартиби:**

1.11.1. Аймакта мектепти бүткөндөрдүн 10, 20, 30 жылдык юбилейлерин коомдук жайлардагы кафе, ресторандарда өткөрүүгө тыюу салуу;

1.11.2. Жер жерлердеги билим берүү мекемелеринде расмий түрдө 10, 20, 30 жылдык юбилейлердин катышуусунда өткөрүүгө жол берилет;

1.11.3. Ар бир жаранга арналган 50, 60, 70, 80 жылдык юбилейлик иш-чаралар аз сандагы адамдардын катышуусунда ъткърүүгө жол берилет, ашыкча чыгымдарга тыюу салынат.